**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**
**КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кенеш Д.09.16.534.

Кол жазма укугунда
**УДК: 1(091):16(575.2) (043.3)**

**БАЙСУБАНОВ УЧКУН КАРЫБЕКОВИЧ**

# КЫРГЫЗСТАНДА ЭПИСТЕМОЛОГИЯЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРДЫН ИЗИЛДЕНИШИ: ТАРЫХЫЙ-ЛОГИКАЛЫК АНАЛИЗ

09.00.03 – философиянын тарыхы

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2018

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун философиянын тарыхы бөлүмүндө аткарылды

**Илимий жетекчи:** философия илимдеринин доктору, профессор
**Тогусаков Осмон Асанкулович**

**Расмий оппоненттер:** Философия илимдеринин доктору
**Ботоканова Гулнара Топчуевна,**
философия илимдеринин кандидаты
**Самыйканов Адисбек Тынчтыкбекович**

**Жетектөөчү мекеме:** **Кыргызстан эл аралык университети**
**Окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин**
**философия кафедрасы.**
( Кыргызстан, 720001, Бишкек шаары, Л.Толстой көчөсү 114)

Диссертациялык иш 2018-жылдын 28-февралында Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук ( кандидаттык) жана маданият таануу, искусство таануу (17.00.02-музыкалык искусство) боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534. Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.(ДК сайтынын дареги. fil.kg)
Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а. /сайт www.fil.kg./

Автореферат 2018-жылдын 26-январында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, философия
илимдеринин кандидаты, у.и.к. **Н. С. Акматова**

## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө коомдук турмушта болуп жаткан өзгөрүүлөр, айрыкча акыркы мезгилдерде илимге болгон солгундоолор, болуп өткөн саясий окуялар коомдун жалпы эле өнүгүш мыйзам-ченемдерин окуп-үйрөнүүнү талап кылат. Коомдун жана илимдин өнүгүү перспективаларын аныктоо биринчи кезекте философиянын негизги принциптеринин, анын ичинде жалпы тааным теориясындагы универсалдуу категориялардын, логикалык маселелердин иликтөөсү менен тыгыз байланыштуу. Ушул жагдайдан алганда, диалектикалык-логикалык категориялардын имманенттүү маңызын, алардын чагылдыруучулук функциясынын иликтениш абалын окуп-үйрөнүү эң актуалдуу маселелердин бири. Анткени, эпистемологиялык маселелер коомдук нугунун жалпы мыйзам-ченемдеринин маңыздык касиетин жана мамилесин чагылдырган жалпы түшүнүктөр эле болуп саналбастан, ал бардык эле коомдук кубулуштардын дагы жалпы жана негизги мүнөз өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Келечекте биз жашай турган коомду жана анын өнүгүш тенденцияларын аныктоодо, саясий-прогноздук аң-сезимди өнүктүрүүдө эпистемологиялык проблемаларды изилдөө учурдун негизги талаптарынын бири болуп калууда.

Айрыкча азыркы учурда жалпы эле философиялык маселелерди маданий ыкманын жардамы менен окуп-үйрөнүүгө өзгөчө басым жасалып жаткандыктан, жалпы таанып билүүдөгү фундаменталдуу категориялардын окуп-үйрөнүү маселеси солгундап баратат. Азыркы мезгилде жалпы эле дүйнөлүк философияда, айрыкча Орусияда жана Батыш эпистемологиясында, билимдин өсүп өнүгүшү өзөктүү маселелердин бири болуп саналат. Албетте, дүйнөнүн адекваттуу картинасын түзүүдө, илимий билимдин методологиясын, структурасын, маңызын аныктоодо канча бир окумуштуулар, философиялык мектептер өздөрүнүн илимий теорияларынын жана жаңы багыттарынын артыкчылыктарын көрсөтүп келүүдө. Ушул өңүттө караганда, илимий таанып билүүнүн негизги пайдубалын түзгөн аң-сезим, түшүнүү, алдын ала көрө билүү, өбөлгөлүк билим, модель жана моделдөө сыңар маселелерди, жалпы эле диалектикалык категорияларды изилдөө учурдагы ургалдуу илимий проблема бойдон калууда.

Диссертациянын темасы ири илимий программалар, илимий мекемелер тарабынан өткөрүүлүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышты.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иштин темасы КР УИАнын тармактык программасына жана философия жана саясий-укутук изилдөөлөр Институнун тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Диссертациялык иштин **объектиси** болуп жалпы тааным теориясынын өзгөчө пайдубалын түзгөн эпистемология (илимий таанып билүү) түшүнүгү эсептелет. Ал эми изилдөө **предмети** болуп, илимий таанып билүү теориясынын негиздери болгон диалектикалык-логикалык категорияларынын республикабыздагы изилдениш абалын жана илимдеги ордун көрсөтүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн негизги максаты болуп, Кыргызстандагы тарыхый жана социомаданий өзгөчөлүктөр менен шартталган эпистемологиялык проблемалардын изилденишине тарыхый-логикалык анализ жүргүзүү эсептелет. Изилдөөнун бул максаты анын төмөнкүдөй милдеттерин аныктайт:

- эпистемологиянын калыптануу тарыхын тактоо;

-эпистемологиялык проблемаларды изилдөөнүн теориялык- методологиялык негиздеринин Кыргызстандагы өзгөчүлүктөрүн иликтөө;

- кыргыз философиясында аң- сезим, түшүнүү, алдын ала көрө билүү маселеринин изилдениш абалын анализдөө жана илимий таанып билүүдөгү изилдениш өзгөчүлүктөрүн талдоо;

- айрым диалектикалык категориялардын (байланыш, түздөн-түз жана кыйыр, өбөлгөлүк билим, модель жана моделдөө, зарылдык жана кокустук, тарыхыйлык жана логикалык, субстанция жана акциденция, маңыз жана кубулуш, чектүүлүк жана чексиздик) иликтенишин, чагылдыруучулук функцияларын анализдөө;

- бул багытта мындан аркы изилдөөлөрдүн өнүгүү тенденцияларын аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргызстанда эпистемология түшүнүгүнүн калыптануусунун, эпистемологтор мектебинин түптөлүү процессинин, теориялык-методологиялык өзгөчөлүктөрүнүн жана республикабыздагы жалпы философия илиминин өнүгүш тарыхынан өз ордун тапкан окумуштуулардын эмгектерин талдоого алган философиялык изилдөөлөр буга чейин болгон эмес. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы катары төмөнкү жоболорду белгилөөгө болот:

- эпистемология түшүнүгүнүн тарыхы жана маани-маңызы системалаштырылды;

- эпистемологиялык проблемаларды окуп-үйрөнүүнүн айрым бир теориялык-методологиялык маселелери иштелип чыкты;

- аң-сезим, түшүнүү, алдын ала көрө билүү проблемаларынын илимий таанып билүүдөгү иликтениш өзгөчөлүктөрү көрсөтүлдү;

- илимий таанып билүүнүн түшүнүктүк-категориялык аппараты каралып анын атамекендик философтор тарабынан иштелип чыгуу даражасы талданды;

- айрым диалектикалык категориялардын **(**байланыш, түздөн-түз (тикелик) жана кыйыр, өбөлгөлүк билим, модель жана моделдөө, зарылдык жана кокустуктун,

тарыхыйлык жана логикалык, субстанция жана акциденция) илимий таанып билүү теориясындагы орду жана ролу каралды.

**Диссертациянын методологиялык жана теориялык негиздери.** Эпистемологиянын негизги, фундаменталдуу категорияларын философиялык жактан рефлексиялоо, дүйнөнүн адекваттуу картинасын түзүүдө, таанып билүүчүлүк жана методологиялык жактан зор мааниге ээ болот. Ушул жагдайдан алганда, Кыргызстандык окумуштуулар алгылыктуу эмгектерди жаратып, «аң-сезим», «түшүнүү», «алдын ала көрө билүү», «өбөлгөлүк билим», «модель» жана «моделдөө», «байланыш», «түздөн-түз» жана «кыйыр», «зарылдык» жана «кокустук», «тарыхыйлык» жана «логикалык», «субстанция» жана «акциденция» деген өңдүү көптөгөн диалектикалык-логикалык маселелерди изилдеп, өздөрүн жалпы тааным теориясында беделдүү окумуштуулар катары көрсөтө алышты. Диссертациялык иштин максаты жана милдетин иш жүзүнө ашыруу үчүн автор илимий таанып билүүнүн негиздери болгон объективдүүлүк, тарыхыйлык, жалпы байланыштык өнүгүү, системалуулук, себептүүлүк өңдүү жоболорду колдонуу менен анализ жана синтез, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү өңдүү принциптерин пайдаланды. Изилдөөнүн жүрүшүндө илимий булак катары, иликтөө предмети катары негизинен республикабыздагы белчемдүү философ-окумуштуулардын: А. Салиев, Т. Абдылдаев, А. Брудный, О. Тогусаков, М. Жумагулов, А. Бекбоев, Ж. Бокошов, Н. Саралаев, К. Сариева жана З. Алымкуловтордун эпистемология проблемалары боюнча жазылган илимий философиялык эмгектери тарыхый-логикалык талдоого алынып, биздин диссертациялык ишибиздин өзөгүн түздү. Ал эми эпистемология түшүнүгүнүн жана анын теориялык-методологиялык негиздерин иштеп чыгууда белгилүү орусиялык философтор: А. Уемов, В. Штофф, В. Чанышев, В. Чернов, В. Лекторский, И. Митченков, Л. Микешина, Г. Щедровицкий, М. Розов, В. Швыревтордун жана батыш философиясынын постпозитивизм багытынын көрүнүктүү өкүлдөрү – К. Поппер, Т. Кун, И. Лакатос, К. Фейерабендтердин философиялык ойлору, алар түзгөн илимий билимдин методологиясы, парадигмалары, илимий эмгектери кеңири пайдаланылып колдонулду.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациянын теориялык мааниси баарынан мурда эпистемологиялык маселелер боюнча эмгек жараткан философтордун илимий теориялары тарыхый-философиялык рефлексиянын деңгээлинде илимий-концептуалдык жактан изилденгени менен түшүндүрүлөт. Аталган маселелер боюнча кыргызстандык философтордун эмгектери Кыргызстандагы жалпы илимдердин, коомдук-саясий жана философиялык ойдун өнүгүүсү үчүн өзгөчө роль ойнойт. Ал эми иштин практикалык мааниси диссертациянын материалдары жана жыйынтыктары тарыхый-философиялык дисциплина боюнча окуу программаларын, окуу куралдарын,

методикалык колдонмолорду иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Мындан сырткары иштин теориялык, илимий жыйынтыктарын философия тарыхы боюнча лекцияларды, атайын курстарды, семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланса болот.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Байыркы мезгилдерде илимди билим менен окшош кубулуш катары каралган. Антикалык доордун ойчулдары илимден ааламды таанып билүүнүн тереңдетилген баскычын көрүшкөн.

2. Эпистемологияны кеңири жана тар мааниде кароого болот. Аны кең мааниден алганда, таанып билүүнүн табиятынын маселелерин окуп-үйрөтүүчү философиянын бөлүгү деп кароого болот. Ал эми тар мааниде окумуштуулар тарабынан ачылган мыйзамдардын практикалык маанисин жана дүйнөнүн илимий картинасынын нукуралуулугунун деңгээлин аныктоо максатындагы таанып билүүнүн натыйжасы, мыйзамдарды жана ар кандай эле илимдин негиздерине илимий жактан баа берүүчү философиянын бир бөлүгү катары эсептелет.

3. Гносеология жана эпистемология түшүнүктөрүнүн окшоштугу жана айырмачылыгы тууралуу илимий талаш тартыштар болуп келүүдө. Себеби, эпистемологиянын чектери так ажыратыла электиги белгилүү. Эпистемология түшүнүгү «илимий билим», «нукура билим» тууралуу окуу болуп саналса, ал эми гносеология «тааным» жана «билим» тууралуу окуу болуп саналат. Бул учурда аталган эки түшүнүктүн окшоштугу катары «билим» деген түшүнүк эсептелсе, ал эми алардын айырмачылыгы болуп, эпистемология илимий жана нукура билимди, ал эми гносеология жалпы таанып билүүнү жана билимди туюнткандыгы эсептелет.

4. Учурдагы философияда эпистемология негизинен эки багытта өнүгүүдө: алардын биринчисинде таанып билүүнүн иррационалдык ыкмаларына, тактап айтканда, интуицияга жана түшүнүүгө басым жасалат. Азыркы учурдагы эпистемологиянын негизги аспекти болгон экинчи багытта, билимдин абстракттуу структурасына жана анын жашап кетүүсүн жана жаралышын шарттай турган социалдык өбөлгөлөргө басым жасалат.

5. Азыркы мезгилде, айрыкча Батыш философиясында билимдин өсүп өнүгүшү өзөктүү маселелердин бири болуп саналат. Өз учурунда философиянын постпозитивизм багытынын көрүнүктүү өкүлдөрү – К. Поппер, Т. Кун, И. Лакатос, К. Фейерабендтер тарабынан илимий билимдин методологиясы кайсыл бир деңгээлде иштелип чыккандыгы белгилүү. Алардын философиялык ойлору, парадигмалары илимий таанып билүү теориясында бүгүнкү күндө да актуалдулугу жогору. Айтылуу философтордун пикирлери боюнча кабыл алынган илимий теориялар кайсыл бир учурда өзүнүн баалуулуктарын толугу менен жоготпосо да, жаңыланууга дуушар болушу мүмкүн.

6. Кыргызстанда көрүнүктүү философ-окумуштуулар: КР УИАнын академиги А. Салиев, КР УИАнын мүчө-корреспонденттери А.Брудный, О.Тогусаков, философия илимдеринин докторлору профессорлор: М. Жумагулов, К. Карабеков, А. Бекбоев, Ж. Бокошов, Н. Саралаев, К. Сариева жана З. Алымкуловдор илимий таанып билүүнүн фундаменталдуу методдорунун негизин түзгөн диалектикалык-логикалык категорияларын изилдеп, жалпы эле илимдин өнүгүшү үчүн көптөгөн иштерди жасап, өздөрүн илимге эмгеги сиңген инсандар катары көрсөтө алды. Алар биринчи жолу кыргыз философия тарыхында: аң-сезим, түшүнүү, алдын ала көрө билүү, өбөлгөлүк билим, модель, моделдөө, байланыш, түздөн-түз (тикелей), кыйыр, зарылдык, кокустук, тарыхыйлык, логикалык, субстанция жана акциденция түшүнүктөрүн иликтешкен.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Кыргызстанда эпистемологиялык проблемалардын изилденишине тарыхый-логикалык анализдин негизиндеги илимий жыйынтыктар жана жоболор менен аныкталат.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациялык иштин негизги мазмуну ар түрдүү эл аралык (11 Эл аралык илимий конференция «Цивилизациялардын кесилишиндеги». Цукуба (Жапония) университети – 2014) жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда жасалган докладдарда, тегерек столдордо, илимий семинарларда жасалган билдирүүлөрдө жана талапкердин 14 макалаларында анын ичинде 5 макала РИНЦте чагылдырылган.

**Диссертациялык иштин структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, баптарга камтылган беш параграфтан, корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 147 бет.

## Иштин негизги мазмуну

**Киришүүдө** изилденип жаткан темaнын актуалдуулугу, теманын иштелип чыгуусунун азыркы абалы жана деңгээли белгиленип, иштин максаты менен милдеттери, предмети менен объектиси аныкталып, методологиялык негизи жана илимий жаңылыгы аныкталды, коргоого сунушталган негизги жоболор, диссертациянын теориялык-практикалык мааниси, ар кыл формалардагы алынган натыйжалардын апробацияланышы көрсөтүлдү.

«**Эпистемологиялык проблемалардын изилденишинин теориялык-методологиялык негиздери жана тарыхый-философиялык экспликацияланышы**» аттуу биринчи бапта эпистемология түшүнүгүнүн тарыхы жана маани-маңызы айрым бир теориялык-методологиялык маселелери каралды.

«**Эпистемологиянын калыптануу тарыхы жана теориялык- методологиялык негиздери**» деп аталган биринчи параграфта эпистемологиянын калыптануу тарыхынын

ретроспективасы, жалпы жана негизги түшүнүктөрү, чектери, методдору, гносеологиядан болгон айырмачылыгы көрсөтүлгөн. Башкача айтканда, антикалык доордон сапар алган азыркы мезгилге чейин,жалпы эле таанып билүүдөгү нукура (илимий) билимдин жашашын шарттай турган өбөлгөлөрдүн, чындык менен пикирдин бардыгы жана дүйнөнү адекваттуу таанып билүү мүмкүнчүлүк маселелери каралган.

Учурдагы философияда эпистемология негизинен эки багытта өнүгүүдө: алардын биринчисинде таанып билүүнүн иррационалдык ыкмаларына, тактап айтканда, интуицияга жана түшүнүүгө басым жасалат. Азыркы учурдагы эпистемологиянын негизги аспекти болгон экинчи багытта, билимдин абстракттуу структурасына жана анын жашап кетүүсүн жана жаралышын шарттай турган социалдык өбөлгөлөргө басым жасалат. Билимдин структурасын окуп-үйрөтүүчү эпистемологиянын негизги багыты – джастификационизм билимди чыныгы жана негизделген пикирлер катары жашоосун аныктоодон улам келип чыгат. Ал өз алдынча когерентизм ( лат. «байланышта болуу»), дефляционизм (лат. «көбүртүү»), фаллибилизм (лат. «каталарга дуушар») өңдүү структуралык компоненттерге ээ илимий дисциплина катары жашап жатат жана бөлүнөт.

Байыркы мезгилдерде илимди билимге окшош кубулуш катары караган. Сократка чейинкилер жана Платон илимден ааламды таанып билүүнүн тереңдетилген баскычын көрүшкөн.

И. Г. Митченков[1] башында турган авторлор эпистемологияны мындайча түшүндүрүшөт: «Эпистемология кең мааниден алганда, таанып билүүнүн табиятынын маселерин окуп-үйрөтүүчү философиянын бөлүгү. Ал эми тар мааниде окумуштуулар тарабынан ачылган мыйзамдардын практикалык маанисин жана дүйнөнүн илимий картинасынын нукуралуулугунун деңгээлин аныктоо максатындагы таанып билүүнүн натыйжасы, мыйзамдарды жана ар кандай эле илимдин негиздерине илимий жактан баа берүүчү философиянын бир бөлүгү».

Ушул жагдайдан алганда, И. Канттын философиясы таанып билүүнүн ишенимдүү шарттарын баяндагандыгы үчүн эпистемологиялык маселе болуп саналат. Ушул өңдүү эле, себептүүлүк идеясы менен байланышкан Д. Юм, О. Конт тарабынан көтөрүлгөн жалпы түшүнүктөрдүн маанилүүлүк маселеси, Р. Декарттын философиясындагы чындыктын критерийлерин издөө, Платондун диалектикасын аныктоо – ушулардын баары эпистемологиялык маселеге кирет.

Эпистемологиянын чектери али да болсо так ажыратыла электигинен аны кээде логикага же методологияга жакын илим тармагы катары карагандар да жок эмес. Ушул

[1] Авторефератта берилген авторлордун толук эмгектери диссертациядагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинде берилген.

маселе тууралуу И. Г. Митченковдор тарабынан жазылган эмгектин авторлорунун оюнча: «Эпистемологияны ар кандай илим тармактарында колдонулган методдорду окутуп-үйрөтүүчү методологиядан, ойлом жана анын закондору тууралуу илим болгон логикадан айырмалоо зарыл. Кээде бир илим тармагы же ошол илимдерде колдонулган методдор бир эле учурда эки илимдин тармагына таандык болуп калган учурлары көп эле кездешет». Чындыгында илимдин философиясы илимий таанып билүүнүн методдору жана каражаттарын окутуп үйрөтөт. Авторлордун оюна ылайык, эпистемологияны ушундай ыкма менен окуп үйрөнүүдө, аны тажрыйбага чейинки (априордук) таанымдын тажрыйбалары же жалпы илимдердин методологиясынын мисалдары менен биргеликте окуп үйрөнүүнүн зарылдыгын көрсөтүшөт.

Эпистемология (грекче: эпистема – «нукура билим», «илимий билим») жана логос – «сөз», «кеп» деген сөздөрүнөн алынган. Ал эми гносеология (грекче: гносис – «таанык», «билим») жана логос – «сөз», «кеп» деген сөздөрүнөн келип чыккан жана таанык теориясы жана философиянын бир бөлүгү болуп саналат.

Эпистемология түшүнүгү «илимий билим», «илим», «нукура билим» тууралуу окуу болуп саналса, ал эми гносеология «таанык» жана «билим» тууралуу окуу болуп саналат. Бул учурда аталган эки түшүнүктүн окшоштугу катары «билим» деген түшүнүк эсептелсе, ал эми алардын айырмачылыгы болуп, эпистемология илимий жана нукура билимди, ал эми гносеология таанып билүүнү жана билимди туюнткандыгы эсептелет.

Өз учурунда, философиянын постпозитивизм багытынын көрүнүктүү өкүлдөрү – К. Поппер, Т. Кун, И. Лакатос, К. Фейерабендтер тарабынан илимий билимдин методологиясы кайсыл бир деңгээлде иштелип чыккандыгы белгилүү. Алардын философиялык ойлору, парадигмалары илимий таанып билүү теориясында бүгүнкү күндө да актуалдулугу жогору. Айтылуу философтордун пикирлери боюнча кабыл алынган илимий теориялар кайсыл бир учурда өзүнүн баалуулуктарын толугу менен жоготпосо да, жаңылануунга дуушар болушу мүмкүн. Мына ушул аракетте сынчыл усулдун маңызы жатат. Дагы бир белгилей кетчү жагдай, ушул сынчыл методдун жаралышы илимий таанып билүүдөгү диалектиканын негизги закондорунун бири болгон тануунун тануу закону жана уламалык принциби тууралуу айтканга мүмкүндүк берет. Анткени, философиянын өзү эле эмес, бардык эле илимдер, анын ичинде илимий теориялар да диалектиканын закондору аркылуу өнүгөт деген биздин оюубуздун дагы бир далили катары көрүнөт. Жогоруда белгиленгендей, сын көз караш окумуштуудан ар кандай ойлоп табуучулукту талап кылат же жок эле дегенде, мурда колдонулуп келген теорияларды жаңы кыртышта, башкалардын оюна ал келе элек тармактарда колдонууга түртөт. Бул айрым учурларды жаңы илимий идеялардын жаралышын шарттайт.

**«Кыргызстанда аң-сезим, түшүнүү жана алдын ала көрө билүү маселелеринин иштелип чыгышы, таанып билүү системасындагы статусу»** деген экинчи параграфта эпистемологиянын өзөгүн түзгөн «аң-сезим», «түшүнүү» жана «алдын ала көрүү» маселелеринин Кыргызстандагы изилдөө абалы жана жалпы илимий таанып билүү системасындагы статусу каралып, айрым бир эмгектери талдоого алынган.

Кыргыз эпистемология тарыхында белгилүү окумуштуу-философтор: КР УИА академиги А. Салиев, КР УИА мүчө-корреспондентери, философия илимдеринин докторлору А. Брудный, О. Тогусаковтордун алгылыктуу эмгектери талданып алардын жалпы илимдин өнүгүшүнө кошкон салымдары каралды.

КР УИАсынын академиги А. Салиевдин «Разум и время» деген эмгеги өзгөчө орунда турат. Монографияга окумуштуунун мурда жазылган эмгектери системалаштырылган жана кайра иштетилген түрдө киргизилген. Эмгекте акыйкаттыкты (истина) акыл менен адекваттуу аныктоо каражаты катары көрүнгөн акыл-эс (разум) категориясы аркылуу ой жүгүртүүнүн формалдык, психологиялык, таанып билүүчүлүк жана социологиялык аспектилери ачылып берилет.

Окумуштуунун оюна ылайык, акыл-эстин өтө жалпы фактору болуп, өзү менен бирге ойдун актыларын алып жүргөн, аң-сезимге эмне таандык болсо, ошонун баары эсептелет. Өз алдынча турган ой жана жалпы эле аң-сезим объективдүү дүйнөнүн субъективдүү чагылуусу катары өзгөчө маанилүү планды түзөт, анда кубулуштардын реалдуу болмушунун мүнөздөмөлөрү берилип, алардын формасы жана маңызы ачылат.

Кыргызстандагы философия илиминин өнүгүшүнө белгилүү илимпоз А. Брудныйдын дагы салымы бар. Анын эмгектери негизинен тилдин семантикасына, адам психологиясын түшүнүү жана пикир алмашуу, субъектердин бири-бирин түшүнүү маселелерине арналган. Айрыкча анын «Наука понимать» аттуу эмгегин белгилеп өтсөк болот. Окумуштуунун бул эмгегинде түшүнүү илими тууралуу терең теориялык жоболор берилген: ал түшүнүү жана пикир алмашуу проблемасына арналып, адамдын башка адамды, өзүн-өзү, табиятты жана маданиятты түшүнүү маселелери каралган. Автордун оюна ылайык, эң эле так илим да ченеп-өлчөөгө болбой турган, аксиомалык, далилдөө мүмкүн болбогон «тереңдиктин» түбүнө түшө албай, үстүндө эле айланып жүрө берет.

Жыйынтыктап айтканда, А. Брудныйдын бул эмгеги келечектеги изилдөөлөрдүн жаңы багыттарын ача турган, көмүскө, подтекстүү идеяларга бай, философия тармагында анын өнүгүшү үчүн өбөлгө детерминанттарды бере турган, илимди өнүктүрүү потенциалдарына жыш, алгылыктуу эмгектерден экени талашсыз.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы философиялык аң-сезимдин калыптануусу жана өнүгүүсү үчүн алгылыктуу салым кошкон айрым окумуштуулардын эмгектери, илим жана

техника боюча мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон. Кыргыз Республикасынын УИАнын академиги А.Салиев, эпистемология боюнча белгилүү адис, Кыргыз Республикасынын УИАнын мүчө-корреспонденттери О. Тогусаков, С. Мукасовдордун «Философиялык ойлор: өткөн учур жана келечек» деген темадагы философиялык эмгектер циклына, 2002-жылдын август айында, Кыргыз Республикасынын Президентинин атайын Жарлыгы менен Мамлекеттик сыйлык ыйгарылган. Бул мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон белгилүү философ-окумуштуу О. Тогусаковдун эмгектери негизинен алдын ала көрүүнү (келечекти көрө билүүнү), философиялык рефлексияда карап, ар тараптан изилдөөгө арналган футурология багытындагы алгачкы илимий табылгалардан болуп эсептелет.

Жогоруда белгиленгендей, окумуштуу келечекти көрө билүүнүн ар түрдүү эмпирикалык негиздерин, теориялык жактан жалпылап, система катары түзүп чыгат. Анын оюна ылайык, бул принциптердин практика менен болгон байланышы, предметтик ишмердүүлүк принцибинин натыйжаларын, жыйынтыктарын жалпылоо менен эле туюнтулбастан, илимий жана социалдык ишмердүүлүктүн теориялык ориентацияларында, багыттарында да туюнтулат.

Автор өзү белгилеп көрсөткөндөй, чагылуу (отражение) болмуштун жана обьективдүү дүйнөнүн жалпы мүнөздөмөсү эле болбостон, табигый кубулуштардын, касиеттердин, байланыштардын пайдубалы болуп, белгилүү бир илимдердин системасын түзүүдө, таанып билүүчүлүк өндүү ишмердүүлүктөрдү жүзөгө ашырууда негиздик мааниге ээ болот. Окумуштуу тарабынан жалпы методологиялык принциптерди алдын ала көрүүгө, таанып билүү процессине карата колдонулушу, анын прогноздук изилдөөсүнүн негизин түзүп, анын жеткиликтүү болуусун шарттаган. Автордун пикирине ылайык, келечекти көрүүнүн негизинде, сырткы дүйнөнүн кубулуштары жана предметтерин озгун (опережающее) чагылдырууну шарттаган адамзаттык аң-сезимдин касиеттери жатат. Илимий таанып билүүнүн методологиялык принциптерин анализдөөдө, болмуштун келечектеги объективдүү мүмкүндүгүнүн субъективдүү образы катары, субъекттин детерминанттуулугун, анын дүйнөгө карата болгон чыгармачыл активдүү мамилелерин эске алууну талап кылган, чагылуу теориясын диалектикалык-материалисттик жол менен чечүү негизги таяныч болуп саналат. Чагылуунун активдүүлүгүнүн спецификалык касиети, структуралык абалы болуп, сырткы дүйнөнү «көзсүз», жөнөкөй чагылдыруу же анын копиясы эле эсептелбестен, чагылып жаткан системанын абалын жана өнүгүш тенденцияларын камтыйт. Бул касиетти аныктоодо, окумуштуу анын жөнөкөй, түздөн-түз чагылуудагы өзгөчөлүгүнө токтолуп, чагылуунун бул түрүндө аталган касиеттерди салыштыруу мүмкүн эмес экендигин аныктайт. Чагылуу

процесси, алардын ортосундагы карым-катнаш ар кандай мезгилде ишке ашкандыктан, бул учурда чагылып жаткан системанын элементтеринин өзү чагылганга чейинки адамдардын эс-тутумунда сакталып калган, белги-касиеттерине таянуу менен кыйыр түрдө түшүндүрүүгө болот. Аталган мезгилде өнүгүш тенденциялардын, предметтердин келечектеги абалын аныктоо, генетикалык байланыштарын табуу, б. а., чагылуунун чагылуу операциясын ишке ашыруу зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, О. А. Тогусаковдун бул эмгегинде келечекти көрө билүү категориясынын логика-гносеологиялык парадигмалары, категориалдык маңызы талдоого алынган. Эмгекте илимдин өнүгүшү үчүн зор мааниге ээ болгон эвристикалык-тапкычтык мүмкүндүк-потенциалдарга бай илимий жоболор, принциптер иштелип чыгып, келечек тууралуу түшүнүккө байланыштуу эмгек болгондуктан, автор келечектеги проблема, маселелерди коюу менен эле чектелбей, анын бир топ түйүндүү, чечүүнү талап кылган проблемаларын жогорку илимий-теориялык, философиялык-рефлексия деңгээлде чечмелеп бере алган.

**«Кыргызстанда айрым диалектикалык категориялардын тарыхый-логикалык изилдениш абалын анализдөө»** деген экинчи бапта философиянын фундаменталдуу категорияларынын биздин республикабыздагы изилдөө тенденциялары көрсөтүлгөн.

**«Байланыш, түздөн-түз жана кыйыр түшүнүктөрүнүн диалектиканын категориялдык системасындагы алган орду»** аттуу параграфта илимий таанып билүү системасынан өзгөчө орун алган байланыш, түздөн-түз (тикелей) жана кыйыр түшүнүктөрүнүн Кыргызстандагы изилдениш абалын иликтеп көрсөтүү болуп эсептелет.

Белгилүү окумуштуу, философия илимдеринин доктору, профессор М.Жумагуловдун эмгектеринин ичинен «Понятие «связь» аттуу монографиясын талдоо хронологиялык жактан туура болчуудай. Автордун оюна ылайык, байыркы мезгилде философия пайда болгондон тартып ушул күнгө дейре байланыш жана өтө жалпы байланыш тууралуу элестөөлөр өзүнүн узак жолун басып өткөн. Эмгекте белгиленгендей, байыркы Кытай, Индия жана айрыкча Байыркы грек философиясынын чыгаан өкүлдөрүнүн философиялык ишмердигинин натыйжасында байланыш жана өтө жалпы байланыш проблемасы философиядагы борбордук маселенин бири болуп калган.

Окумуштуунун оюна ылайык, байыркы ойчулдардын окууларында байланыш идеясынын жаралышы анын колдонулушу жана өнүгүшү тууралуу бир топ маанилүү маселелелер коюлуп, алар илимдин өнүгүш пайдасы үчүн жогорку деңгээлде чечмеленип берилген. М. Жумагуловдун бул эмгегинде байланыш категориясынын тээ байыркы мезгилден тартып ушул күнгө чейинки өнүгүш өзгөчөлүктөрү, аталган жалпы түшүнүктүн

дүйнө кубулуштарын, предметтерин түшүнүүдөгү жана түшүндүрүүдөгү орду ролу тууралуу бир топ изги ойлор айтылып, республикабыздагы диалектиканын категорияларын окуп- үйрөнүүгө арналган алгылыктуу эмгектерден экени талашсыз.

М. Жумагулов «байланыш» деген түшүнүктү диалектиканын негизги бир фундаменталдык категориясы деп белгилесе, айрым окумуштуулар аны түшүнүк катары карашат. Ошондой болсо да, бул түшүнүктүн диалектикалык категориялардан маани-мазмуну кеңири экендигин белгилейт. Маселен К. Карабеков төмөнкүчө жазат: «…объем некоторых понятий шире, чем объем категорий. Возьмем для примера понятие «связь» и категории непосредственного и опосредованного. Объем понятия связь шире, чем объем рассматриваемых категорий. Непосредственное и опосредованное не исчерпает содержание связи. Но эти категории выражают более глубокую сущность, чем понятие связи. Не только непосредственное и опосредованное, но и другие категории отражают сущность процессов глубже, чем понятия».

Бул жөнүндө М. Жумагулов төмөнкүчө жазат: «С одной стороны, атрибутность связи означает, что оно – неотъемлемый момент объективной реальности, всеобщий способ бытия как объективного, так и субъективного мира, универсальный момент движения и развития окружающей действительности. С другой – связь есть философская категория, означающая противоречивую природу зависимостей (неисчерпаемое многообразие взамосвязей и взамодействий) и адекватно отражающая закономерности и тенденции воспроизведения, логического усвоения, постижения взаимообусловленностей реального мира в процессе активной деятельности человека».

Дүйнөдөгү кубулуштардын түздөн-түз байланышы чексиз эмес, ал да чектелүү. Ошол себептүү дүйнө кубулуштарынын түздөн-түз байланышын теориялык жактан аныктоого болот. Ал эми кубулуштар менен нерселердин кыйыр байланышын аныктоо мүмкүн эмес. «… Все в мире так или иначе, прямо или косвенно, связано друг с другом. Один атом связан с другим, другой с третьим и т. д., а все они составляют такое целое, связь с которым для солнечной системы может быть существенной»-деп жазат А.Уемов.

«Байланышты» диалектиканын категориясы катары изилдөөдө М. Жумагулов ага карата логика-гносеологиялык жактан анализ жүргүзүп, анын келип чыгуусундагы ишмердүүлүктүн принцибинин орду жана ролуна өзгөчө көңүл бөлөт. Андан ары өз эмгектеринде ишмердүүлүк принцибинин контексинде, адам менен табигый чөйрөнүн өз ара карым-катнаш проблемасын анализге алат дагы «коом – табият» системасындагы социалдык-табигый кубулуштардын себеп-натыйжалык жактан байланышын, экологиялык маселелерди социомаданий детерминанттардын негизинде изилдейт. Ага ылайык, табият кубулуштарынын өнүгүү жолуна карата антропогендик таасир көрсөтүү

тенденциясынын уламдан-улам өсүшү, планетардык процесстердин өзгөрүүсүнө алып келип, бул процесстердин табигый жүрүү жолдорунан чыгарып, эчен кылымдар бою геологиялык убакытта калыптанып калган жашоо ыгын өзгөртүп эле тим болбой, алардын тең салмактуулугун да бузат.

Жогоруда талдоого алынган байланыш маселесинин логикалык жактан бир бөлүгү болгон түздөн-түз жана кыйыр категориялар катары алгачкылардан болуп, философия илимдеринин доктору, профессор К. Карабековдун эмгегинде да иштелип чыккан. Автордун оюна ылайык, түздөн-түз менен кыйырдыктын категориялык маанисин аныктоо, баарынан мурда алардын табиятына логикалык анализ жасоону талап кылат. Ошол үчүн түздөн-түз менен кыйырдыктын категориялык маңызга ээ экендигин деталдуу түрдө тактоо зарыл. Анын ойунча ар кандай эле жалпы түшүнүктүү категориялардын катарына кошуу туура эмес. К. Карабековдун эмгегиндеги категориянын түшүнүктөн болгон айырмасын жана кээ бир түшүнүктөрдүн категориялык маанисин кароо тенденциясы, түшүнүктү категориядан ажырата турган негизги жобону иштеп чыгууга мүмкүндүк берген жана дүйнөдөгү сапаттык жактан айырмаланган процесстер менен кубулуштарга мүнөздүү өзгөчөлүктөр изилдөө “бутасына алынат”. Чынында мындай процесстер, бири-бири менен эч кандай байланышы жок, өз алдынча жашагандай сезилет. Бирок биз ушундай кубулуштар менен предметтердин маңызына сүңгүп кирсек, анда алар бири-бирине көз каранды экендигине күбө болобуз. Анткени предметтер бири-биринен салыштырмалуу, убактылуу гана көз каранды эмес, өз алдынча дагы болушу мүмкүн. Башкача айтканда нерселер дайыма бири-экинчисине көз каранды, бири-бири менен байланыштуу болот. Мисалы, өнүккөн коомдо искусствонун калыптануусу үчүн жеке эле экономикалык фактор жетишсиздик кылат. Анткени, искусствонун калыптануусу үчүн, өндүрүш, өндүрүш мамилелери, б. а. экономикалык детерминанттар эле эмес, башка да коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, маданий- агартуучулук, псхологиялык ж. б факторлор талап кылынат. Ал эми жалпылап айтканда, бийдин дагы калыптануусу үчүн, жогоруда белгилегендей, экономикалык шарттар түздөн-түз эмес, кыйыр түрдө, адамдардын психологиясы аркылуу өз таасирин тийгизет. Демек жалпысынан, К. Ч. Карабековдун бул эмгеги ушуга дейре диалектиканын категориясы катары каралбай келген, түздөн-түздүк жана кыйыр түшүнүгүнүн маңызына диалектика-логикалык жактан толук кандуу анализге алып, аларды диалектиканын категориясы катары республикабызда алгачкылардан болуп изилдеп ал аныктаган.

**«Өбөлгөлүк билим, модель жана моделдөө түшүнүктөрүнүн илимий таанып билүүдөгү колдонуу өзгөчөлүктөрү»** деп аталган кийинки параграфта илимий таанып

билүүнүн пайдубалын түзгөн өбөлгөлүк билим жана негизги ыкмаларынын бири болгон модель жана моделдөө принциптеринин республикабызда изилденгени талдоого алынган.

Кыргыз философия тарыхында биздин проблемаларды изилдөөдө белгилүү философ-окумуштуу, эпистемолог Ж. Б. Бокошовдун эмгектерин өзгөчө белгилесе болот. Анын «Гносеологический анализ предпосылочного знания» аттуу философиялык эмгегинде «өбөлгөлүк билим» деген түшүнүктүн мазмунун кеңейтип, келечектеги изилдөөлөр үчүн багыт берип, теориялык проблемаларды чечүүдөгү өзгөчө метод, ыкма катары өзгөчөлүктөрүн аныктоого аракет жасаган. Эмгекте өбөлгөлүк билимдердин генезиси жана эволюциясы талданып, анын мазмунуна, маанилик структурасына, жашоо формасына, илимде аткарган функциясына анализ жасалат. Эмгекте «өбөлгө» , «пайдубал» («основание»), «негиз» (основа) терминдеринин окшоштуктары жана айырмачылыктары талданып жана таанып билүүчүлүк өбөлгөлөр, «өбөлгөлүк билим» деген түшүнүктүн жардамы менен идентификацияланып, аны гносеологиялык ой жүгүртүүнүн тутумунда экендигин белгилеген. Андан тышкары өбөлгөлүк билимдин негизги мүнөз өзгөчөлүктөрү ачылып берилет: Анын пикиринде андай билим таанып билүү ишмердүүлүгүнүн болуу мүмкүндүгү жана ишке ашыруу шарты болуп эсептелген билимдин функционалдык формасы. Болмушту түшүнүү жана кабылдоо таанып билүү перспективаларын жана чектерин аныктайт. Автордун оюна ылайык, өбөлгөлүк билим – бул «таянар тоо». Демек таанып билүү субъекти ага таянса, реалдуулукту түшүнүүсү жана кабыл алуусу үчүн жаңы перспективалары, ойлордун жана түшүнүүнүн жаңы горизонттору ачылат.

Жыйынтыктап айтканда, Ж. Бокошов өбөлгөлүк билим түшүнүгүнө толук кандуу анализ жүргүзүп, анын пайда болуу тарыхына жана таанып билүүдөгү маанисине кеңири токтолуп, жаңы билимдердин жаралуусундагы орду жана ролуна терең анализ жасалган баалуу эмгектердин бири экени талашсыз.

Кыргызстанда илимий таанып билүү теориясынын өзөктүү методдорунун бири катары каралган «модель» жана «моделдөө» түшүнүктөрүнүн илимий негиздерин изилдөөдө философия илимдеринин доктору К. Сариеванын дагы салымы зор. Анын эмгектеринде «модель» жана «моделдөө» түшүнүктөрүнүн жаралышы, этимологиясы, алар маанилүү таанып билүү методу катары ачылып берилген.

К. Сариеванын ойунча «модель» түшүнүгү алгач пайда болгондо эле учурдагыдай деңгээлде болбостон, «алгачкы моделдер адамдардын эң жөнөкөй өндүрүш ишмердигинен келип чыккан коомдук-өндүрүштүк турмушунун баскычтарына ылайык, эмгек предметтерине, алардын касиеттерине, окшоштук катыштарына негизделип алынган. «Модель» түшүнүгүнүн генезиси «адамдардын эң жөнөкөй өндүрүш

ишмердиги» жана тарыхый өнүгүүнүн ар кандай эле этаптарындагы «эмгек предметтерине, алардын касиеттерине, окшоштук катыштарынын негизинде алынгандыгын», тактап айтканда, аталган түшүнүк предметтик ишмердик принцибинин негизинде жаралгандыгын көрсөтөт. Демек «модель» түшүнүгү изилденип жаткан объект менен изилдөөчү субъекттин ортосундагы «ортомчу» катары көрүнөт. Башкача айтканда, изилдөө процессинде объект менен субъект түздөн-түз байланышпастан, «ортомчу» объекттин же «моделдин» жардамы менен байланышат.

Жалпыласак К. Сариева өз эмгегинде «модель» деген түшүнүк өз ичине бир эле мезгилде «жалпылоо», «синтез», «салыштыруу», «чен-өлчөм», «байкоо» өңдүү илимий методдордун белгилерин, форма жана мазмун, ичкилик (внутренее) жана сырткылык (внешнее) өңдүү илимий принциптерге мүнөздүү айрым белгилерди, «эмпирикалык билим», «турмуштук тажрыйба», «үлгү», «образ», «элес» өңдүү түшүнүктөрдү өз ичине камтыган, баарын камтыгыч, жалпылагыч метод катары иликтеп чыккан.

**«Зарылдык жана кокустуктун, тарыхыйлык жана логикалык, субстанция жана акциденция категорияларынын жалпы тааным теориясындагы орду жана ролу»** аттуу үчүнчү параграфында жалпы тааным теориясынын негизин түзгөн диалектиканын «зарылдык жана кокустуктун», «тарыхыйлык» жана «логикалык», «субстанция» жана «акциденция» жуп категорияларынын республикабыздагы философия илиминдеги статусу жана илимий негиздери каралып, белгилүү философ-окумуштуулар, философия илимдеринин докторлору, профессорлор А. Бекбоевдин, профессор Н. Саралаевдын жана философия илимдеринин кандидаты З. Алымкуловдун эмгектери анализделип, зарылдык жана кокустуктун, тарыхыйлык жана логикалык, субстанция жана акциденция жуп категорияларынын генезиси, чагылдырычуулук функцияларынын жана илимий таанып билүү системасындагы алган орду каралган.

Зарылдык жана кокустук өңдүү диалектиканын категориялары тарыхий-философиялык процессте калыптангандыгы белгилүү. Анткени автор бул проблеманы конкреттүү-тарыхый ыкма менен окуп-үйрөнүү, б. а. аны изилдөөдө ой жүгүртүүнүн мындай логикалык формаларды «тарыхта кандайча пайда болду, өзүнүн өнүгүшүндө кандай тарыхый этаптарды басып өттү, өнүгүүдө бул категориялар кандай деңгээлге жетти» деген көз караштан изилдеген.

А. Бекбоев тээ байыркы Грециядагы жана чыгыш перипатетиктеринин эмгектериндеги зарылдык жана кокустук категорияларын көптөгөн факты-материалдардын негизинде орундуу тыянактарды чыгарат. Анын оюна ылайык, материалисттик диалектика, анын категорияларын, ошонун ичинде зарылдык жана кокустукту түз сызык аркылуу өнүкпөстөн, өзүнүн ичине материализм жана

идеализмдин күрөшүн камтыган өнүгүүдөгү процесс болуп саналат. А. Бекбоевдин белгилөөсүндө Демокриттеги зарылдык түшүнүгү атомистиканын негизги категориясы болгон – атомдун жашоо үчүн зарылдык болгон мүнөз өзгөчөлүгүн туюнтат. Автор Демокриттин зарылдык тууралуу ойлорун анализдеп келип, «анда зарылдык атомдун ички маңызы менен тыгыз байланыштуу анын ажырагыс бир атрибуту», - деп жыйынтык чыгарат. Антик окумуштуулар өз эмгектеринде категорияларды иштеп чыгууда жалпы эле философияны, анын ичинде категорияларды жаңы сапаттык деңгээлге көтөргөн. Чыгыш перипатетизм багытынын өкүлдөрү философиялык категорияларды, тактап айтканда зарылдык жана кокустукту изилдөөгө зор салым кошушту. Бул тууралуу А. Бекбоев төмөнкүчө жазат: «Восточные перипатетики, исследующие понятия, разрабатывали во взаимосвязи с другими категориями (причины и следствия, возможности и действительности). С их точки зрения, чтобы познать необходимость и случайность, следует выявить причину их возникновения: истину мы познаем, только находя причину. Причинность не только дает ключ к познанию, но и выступает как критерий необходимости и случайности. В свою очередь, категории необходимости и случайности находятся в тесной связи с принципом возможности – действительности, который в системе восточного перипатетизма является центральной проблемой». Жогорогудагы белгилөөдөн көрүнүп тургандай, ал зарылдык жана кокустук категорияларын себеп жана натыйжа, мүмкүндүк жана чындык деген категориялар менен болгон байланышынын контекстинде карап алар табият таануу илиминин өнүгүшүнө зор салым кошукондугун, илимдин кийинки өнүгүшү үчүн зор таасирин тийгизгенин белгилейт.

А. Бекбоев Ибн-Сина, Аль-Фараби, Ибн-Рушд өңдүү чыгыш перипатетиктеринин эмгектериндеги зарылдык жана кокустук категорияларын изилдеп, алардын табигый-илимий идеялардын контекстинде алган ордуна жана ар кандай эле философиялык идеялардын пайда болуусундагы категориялдык аппараттын ролуна анализ берет. Жыйынтыктап айтканда, А. Бекбоев өзүнүн изилдөөлөрүндө антикалык жана чыгыш ойчулдарынын окууларындагы зарылдык жана кокустук категорияларын изилдөө аркылуу жалпы эле философиянын илим катары калыптанышы, философиядагы багыттардын пайда болуусу жана андагы зарылдык жана кокустук өңдүү категорияларды түшүндүрүп интерпретациялоонун мааниси тууралуу маанилүү теориялык ойлорду айтат.

Кыргызстандагы диалектикалык логиканын категорияларын жана принциптерин изилдөөгө философия илимдеринин доктору Н. Саралаевдин эмгектери арналган. Бул эмгектердин арасынан авторлордун (Н. Саралаев, А. Бекбоев) биргелешип жазылган

«Очерки диалектической логики: принципы и категории» аттуу эмгегин бөлүп көрсөтүүгө болот.

Монографиялык изилдөөнүн биринчи бөлүмү «Тарыхыйлык жана логикалуулук» деп аталып, мында антикалык диалектикадагы жана чыгыш перипатетизминдеги тарыхыйлык менен логикалуулук маселелери, теориялык жагдайлары проблемага карата колдонулган диалектикалык ыкмалар, каралган. Эмгекте изилденип жаткан диалектикалык-логикалык татаал проблеманы теориялык-методологиялык жактан анализдөөгө өбөлгө боло турган бир катар шарттар белгиленет. Биринчиден, окумуштуулардын бул проблемага кайрылышынын негизги себеби: диалектиканын логиканын дүйнө түзүлүшкө, дүйнө картинасына, моделине шайкеш келген азыркы учурдагы илимдеги жана XX кылымдын аягындагы жалпы эле дүйнөлүк адамзат тарыхындагы процесстерди илимий жактан түшүнүүнүн мааниси эсептелет. Окумуштуулардын оюна ылайык, жалпы тоталитаризмге негизделген спекулятивдик жана тоталитардык идеологиянын кризиси К. Маркстын философиясына карата болгон терс көз караштын жаралыш себеби болгон. Мындай мамиле бүтүндөй эле маркстык философияга эле эмес, диалектикалык логиканын принциптерине жана категорияларына дагы таандык, айкындап айтканда, тарыхыйлык менен логикалуулукту дүйнөнү, табиятты, тарыхты жана адамды таанып билүүдө: а) проблема, б) метод, в) принцип катары кароого байланыштуу. Ошол себептүү бул маселе бардык эле учурда башка философиялык методтордун, идеялардын, багыттырдын, мектептердин жана системалардын позициясынан туруп, кайра иштеп чыгууну талап кылат.

Экинчиден, логиканын тарыхындагы (ой жүгүртүү, таанып билүү, илим, аң-сезим) жана тарыхтын логикасындагы (табият, коом, маданияттар, инсандар, саясий системалар ж. б.) тарыхыйлык менен логикалыктын карым-катнаш маселеси (өз ара мамилеси, бири-бирин шарттоосу) азыркы илим таануунун категориалдык имаратын калыптандыруу үчүн (анын ичинде философия тарыхынын түшүнүктүк-категориалдык аппаратынын калыптанышы да) жана практикалык аракетте дагы өтө маанилүү. Бул категорияларды философиялык анализдин акыркы учурдагы жетишкендииктеринен туруп анализдөө, республикабыздагы экономикалык, саясий, социалдык, демографиялык, этникалык, экологиялык ж. б. курч проблемаларды чечүүнү шарттайт.

Үчүнчүдөн, диалектикалык логикада көрсөтүлгөндөй, тарыхыйлык менен логикалыктын бири-бирине шайкеш келүү принциби жогорку класстын окуучуларынын, ЖОЖдордун студенттеринин, аспиранттардын методологиялык ой жүгүртүү маданиятын тарбиялоо боюнча жүргүзүлүүчү иш-чараларда, теориялык сабактарды проблемалуу сабак катары түзүү, белгилүү бир илимий дисциплиналардын тарыхын жана логикасын

окуп- үйрөнүү процессинде, илимий (илимий-практикалык) жактан эле мааниге эле болбостон, педагогикалык (илимий-усулдук) жактан да зор мааниге ээ болот.

Акыркы мезгилде Чыгыш перипатетизминин метафизикасындагы маңыз жана кубулуш проблемалары да кыргызстандык жаш окумуштуулардын изилдөөсүнө алына баштады. Буга мисал катары З. Алымкуловдун «Субстанция и акциденция в метафизике восточного перипатетизма» деген темада, философия тарыхы адистиги боюнча жазылган кандидатттык диссертациясын кошууга болот. Аталган эмгекте конкреттүү-тарыхый материалдардын негизинде, араб фарси тилиндеги метафизиканын социомаданий жана логика-гносеологиялык мүнөздөмөсү көз алдыга тартылат. Бул эмгектин ургалдуулугу болуп, учурдагы геосаясий реалдуулуктагы кооомдун социалдык-маданий өнүгүүсү түтүмдүүлүккө жана полиэтникалык маданий баарлашуу деген эки пайдубалдык принципке негизделгени менен түшүндүрүлөт. Окумуштуу өз изилдөөсүндө ушундай ыкманы тандап алуусу, ар кандай эле теориялык парадигмалардын, анын ичинде түркүм философиялык системалардын артыкчылык берилген багыттарынын өнүгүүсүнө жана биргеликте жашоосуна шарт түзгөн. Жаш окумуштуу тарабынан мындай методиканын пайдаланышы, ага чыгыш элдеринин тарыхый-философиялык баалуулуктарын бир топ терең өздөштүрүүгө мүмкүндүк берген. Иликтөөнүн натыйжасында, ал төмөнкүдөй жыйынтык-натыйжаларга жеткен: европоцентризм принцибинин бир жактуулуугу жана анын илимий жактан негизсиздиги аныкталган; «Фалсафа» теориялык моделинин логика-гносеологиялык өзгөчөлүктөрү ачылып көрсөтүлгөн; иштеп чыккан ойчулдардын илимий аракетине ылайык, жалпы дүйнөкараштык проблемалардагы чечүүнүн динден ажырым турган (светский) вариант катары, «Фалсафанын» теологиядан болгон айырмачылыгы ачылып берилген. Автор өзү изилдеп жаткан категориялар боюнча «Фалсафанын» идеяларынын жыйынтыктары тууралуу төмөнкүчө жазат: «Субстанция – основа, которая существует неизбежно, постоянно и выражает внутренние, существенные, устойчивые и повторяющиеся отношения предметов. Ей характерна однопорядковость, однозначность, она только такая, а не иная. Акциденция же – вещь, явление, которая происходит так или иначе, не всегда редко, ибо она обусловлена внешними, несущественными причинами и возникает преимущественно в пересечении различных событий. Она, в отличие от субстанции, неожидаема и неоднозначна».

Жыйынтыктап айтканда, З. А. Алымкуловдун диссертациялык иши философиядагы татаал маселелердин бири болуп саналаган, диалектиканын субстанция жана акциденция аттуу жуп категориясына тарыхый- философиялык жактан комплекстүү талданган эмгектердин бири болуп саналат.

**Корутундуда жүргүзүлгөн изилдөөнүн төмөнкүдөй жыйынтыктары алынды:**

1. Эпистемология түшүнүгүнүн калыптануу тарыхы изилденип, азыркы учурдагы дүйнөлүк философия дагы абалы жана айрым бир теориялык- методологиялык негиздери анализделди. Ал эми Кыргызстанда илимий таанып билүү теориясынын жана жалпы эле философиянын фундаменталдуу пайдубалын түзгөн аң-сезим, түшүнүү, алдын ала көрө билүү (келечекти көрө билүү), байланыш, өбөлгөлүк билим, модель жана моделдөө, зарылдык жана кокустук, түздөн-түз жана кыйыр, субстанция жана акциденция, чектүүлүк жана чексиздик өңдүү негизги категорияларынын изилдениш абалы тарыхый-логикалык изилдөөгө алынып илимий негиздери такталды. Кыргызстандагы окумуштуулар эпистемология жаатында логика жана диалектиканын категорияларын илимий багытта иштеп чыгууга белгилүү бир деңгээлде өз салымдарын кошуп, илимдин өнүгүшү үчүн эбегейсиз иштерди жасады.

2. Академик А. Салиев биринчи жолу кыргыз философия тарыхында «акыл-эс» (разум) категориясын иликтеп, анын негизги структуралык компоненттерин аныктап чыккан. Окумуштуунун көз карашына ылайык, «аң-сезим» категориясынын негизги структуралык компоненттери болуп: «эрк», «эмоция», «ойлом», «маңыз», «чагылуу» деген өңдүү түшүнүк категориялар эсептелет. Автордун изилдөөсүндө акыл-эс категориясынын феноменологиялык, психологиялык, гносеологиялык жана социологиялык аспектилери ар кандай факты-материалдардын, анын ичинде көркөм адабияттын жана искусствонун мисалдарында кеңири ачылып берилген.

3. Кыргызстандагы философия илиминин өнүгүшүнө белгилүү философ А. Брудныйдын дагы салымы бар. Анын эмгектери негизинен тилдин семантикасына, адам психологиясына, түшүнүү жана адамдардын өз ара баарлашуу маселелерине арналып терең теориялык жоболор берилген.

4. Ал эми эпистемология багытында, белгилүү окумуштуу, О.Тогусаковдун эмгектери негизинен алдын ала көрүүнү, философиялык рефлексиянын деңгээлинде системалык изилдөөгө арналган футурология багытындагы алгачкы илимий табылгалардан болуп эсептелет. Автор эмгектеринде илимдеги мыйзамдарды ачуу проблемасы, өтө көп сандагы фактылар өтө татаал, көп жана ар тараптуу процесс катары окуп-үйрөнүү, аларды системалаштыруу, анализдөө жана жалпылоо аркылуу ишке ашырылат. Анын изилдөөлөрүндө мыйзам (закон) алгач гипотеза формасында калыптанып, андан соң жаңы фактылар менен теориялык жана практикалык жактан далилденген, анын өнүгүү

тенденциялары аркылуу келечекти алдын ала көрүү проблемаларына толук кандуу, концептуалдык анализ жасалган.

5. Кыргызстандагы диалектиканын категорияларын изилдөөдө көрүнүктүү окумуштуу, профессор М. Жумагуловдун дагы салымы чоң. Айрыкча «байланыш» түшүнүгүн диалектиканын категориясы катары изилдөөгө карата логика-гносеологиялык жактан анализ жасап, анын келип чыгуусундагы ишмердүүлүктүн орду жана ролуна өзгөчө көңүл бөлөт. Философ өз эмгектеринде ишмердүүлүк принцибинин контексинде, адам менен табигый чөйрөнүн өз ара карым-катыш проблемасына анализдеп «коом – табият» системасындагы социалдык-табигый кубулуштардын себеп-натыйжалык жактан байланышын аныктоого, жаңы геосаясий мейкиндеги экологиялык маселелерди социомаданий детерминанттардын негизинде изилдейт.

6. Профессор К. Карабековдун эмгеги негизинен түздөн-түз жана кыйыр билимдерге арналган. Анын изилдөөлөрүндө ага чейин диалектиканын категориясы катары каралбай келген, түздөн-түз жана кыйырдыктын категориалдык маңызын эпистемологиялык рефлексияда, бул категорияларды диалектиканын категориясы катары изилдеген эмгек экенин таанууга болбойт.

7. Кыргыз философия тарыхында белгилүү философ-окумуштуу, эпистемология боюнча адис Ж. Бокошовдун эмгектери дагы өзүнчө орунда турат. Ал өз эмгегинде түшүнүктөрдү киргизүү тажрыйбасына таянуу менен алардын жардамы аркылуу ишке ашкан жана ишке аша турган илимий изилдөө ыкмаларын, таанып билүү детерминанттарын бир бүтүн нерсе катары карап, анын мазмунуна теориялык жактан комплекстүү түрдө анализ жасайт. Иликтөөдө таанып билүүчүлүк өбөлгөлөр өзүнүн келип чыгуусу, мазмуну, маанилик структурасы, жашоо формасы, кызмат аткаруу ыкмасы ж. б. ар түрдүү экендигине карабастан, аларды «өбөлгөлүк билим» деген теориялык абстракциянын жардамы менен бириктирет. Ушуга байланыштуу белгилүү философ К. Сариеванын изилдөөлөрүндө илимий таанып билүү теориясынын өзөгүн түзгөн модель жана моделдөө категориялары иликтенип, алардын илимий негиздери такталып көрсөтүлгөн. Анын эмгектери узак жылдар бою таанып билүү теориясы жаатындагы изденүүлөрүнүн жемиши болуу менен, республикабыздагы профессионалдык философиянын өнүгүшүндө жаралып жаткан жаңы багыттардын бири катары каралуусу абзел.

8. Философиялык категорияларды, анын ичинде «зарылдык» жана «кокустук» категориясын изилдөөгө белгилүү окумуштуу, профессор А. Бекбоевдин илимий ишмердүүлүгү арналган. Ал зарылдык жана кокустук категорияларын себеп жана натыйжа, мүмкүндүк (возможность) жана чындык (действительность) деген категориялар менен болгон байланышынын контекстинде карап алар табият таануу илиминин

өнүгүшүнө түрткү болуп, философиянын кийинки этабы үчүн өз таасирлерин тийгизген. Аны менен бирге Кыргызстандагы диалектикалык логиканын категорияларын жана принциптерин изилдөөгө белгилүү окумуштуу, профессор Н. Саралаевдин эмгектери да арналган. Анда конкреттүү-тарыхый теориялык булактардын негизинде диалектикалык категорияларынын айрым өңүттөрү системалуу-толук түрдө анализденет. Окумуштуу байыркы жана орто кылымдагы философиялык системаларда иштелип чыккан тарыхыйлык жана логикалык принциптерди интерпретациялап эле тим болбой, аларды толуктап, системага келтирип, ар кандай эле доорлордогу философиялык системаларда аталган жуп категориялар боюнча иштелип чыккан концепцияларды учурдагы илимдин жетишкендиктери менен жалпылап, анын толук картинасын элестүү, түшүнүктүү түзүп бере алган.

9. Ал эми жаш окумуштуу З. Алымкуловдун илимий ишинин жаңычылдыгы советтик жана постсоветтик философия тарыхында маңыз жана кубулуш категорияларынын концепцияларына диалектика-логикалык жактан мүнөздөмө берүүгө жасалган аракет менен түшүндүрүлөт. Диссертациялык иликтөөнүн натыйжасында, ал төмөнкүдөй жыйынтык-натыйжаларга жеткен: европоцентризм принцибинин бир жактуулуугу жана анын илимий жактан негизсиздиги аныкталган; «Фалсафа» теориялык моделинин логика-гносеологиялык өзгөчөлүктөрү ачылып көрсөтүлгөн; иштеп чыккан ойчулдардын илимий аракетине ылайык, жалпы дүйнөкараштык проблемалардагы чечүүнүн динден ажырым турган (светский) вариант катары, «Фалсафанын» теологиядан болгон айырмачылыгы ачылып берилген. «Фалсафанын» болмуш концепциясынын теологиялык интерпретациясынан болгон айырмачылыгы такталып, аныкталат .

**Диссертациянын негизги жоболору автордун төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылды:**

1. **Байсубанов У. К.** Зарылдык жана кокустук философиялык категория катары изилдениши [Текст] / Аблазов К. Э., Байсубанов У. К. //Вестник БГУ. – Бишкек, 2008. – № 4(13). – 7–10-бб.
2. **Байсубанов У. К**. Көрөгөчтүк – караңгыда ийне издегендей [Текст] / Аблазов К. Э., Байсубанов У. К. // Социальные гуманитарные науки МОиН КР. – Бишкек, 2009. – № 1–2. – 48–52-бб.
3. **Байсубанов У. К.** Кыргызстандагы философия илиминин өнүгүшүнө А. А. Брудныйдын кошкон зор салымы [Текст] / Байсубанов У. К. //Вестник БГУ. – Бишкек, 2011. – № 1(18). – 13–16-бб.

4. **Байсубанов У. К.** Түздөн – түздүк жана кыйырдык-диалектиканын категориясы катары [Текст] / Байсубанов У. К. // Вестник БГУ. –Бишкек, 2011. – № 2(19). – 39–41-бб.
5. **Байсубанов У. К.** Ой түбүндө алтын бар, ойлой берсең табасың (Кыргызстанда диалектика-логикалык жана гносеологиялык проблемалардын изилдениш тарыхынан [Монография] / Аблазов К.Э. Байсубанов У. К. – Бишкек, 2012. – 136-б.
6. **Байсубанов У. К.** Келечекти көрө билүү категориясынын логика-гносеологиялык парадигмалары [Текст] Байсубанов У. К. // Международный журнал «Научный мир Казахстана». – Чымкент, 2013. – № 3 – 6(49–52). – 63–66-бб.
7. **Байсубанов У. К.** «Байланыш» категориясынын дүйнө таанучулук мазмуну тууралуу [Текст] / Байсубанов У. К. // Гуманитарные проблемы современности. – Часть 1. Вып. 18. – Бишкек, 2013. –3–7-бб.
8. **Байсубанов У. К.** Тарыхый жана логикалыктын эпистемологиялык категория катары иликтениш тарыхынан [Текст] / Байсубанов У.К. // Вестник КНУ. 4-чыгарылыш. – Бишкек, 2013. – 68–72-бб.
9. **Байсубанов У. К.** Келечекти көрө билүүнүн аныктамасы жана этимологиясы тууралуу [Текст] / Байсубанов У. К. // 11 Эл аралык илимий конференция «Цивилизациялардын кесилишиндеги». Цукуба (Жапония) университетинин жыйнагында. – 2014. – 269–271-бб.
10. **Байсубанов У. К.** Исследовние понятия в контексе системы “общество-природа” [Текст] / Аблазов К. Э., Байсубанов У. К. // Научный потенциал. №1 (21), - 2016.
11. **Байсубанов У. К.** Проблемы исследования эпистемологии в Кыргызстане [Текст] / Байсубанов У.К. // Международный научный журнал «Путь науки». – № 4 (38). – 2017.
12. **Байсубанов У. К.** Кыргызстанда аң-сезим, өбөлгөлүк билим маселелеринин иштелип чыгышы жана таанып билүү системасындагы алган орду [Текст] / Байсубанов У. К. // Вестник КГУСТА. – Бишкек, 2017. – 1 (55).
13. **Байсубанов У. К.** Исследования фундаментальных основ научного познания в Кыргызстане [Текст] / Байсубанов У. К. // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2017. – № 3. – С. 194–195.
14. **Байсубанов У. К.** Республикабызда модель жана моделдөө, субстанция жана акциденция түшүнүктөрүнүн илимий изилдениш негиздери [Текст] /

Байсубанов У. К. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2017. – № 4.

**Байсубанов Учкун Карыбековичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргызстанда эпистемологиялык проблемалардын изилдениши: тарыхый-логикалык анализ» аталышындагы диссертациялык изилдөөсүнүн**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** эпистемология, категория, аң-сезим, түшүнүү, алдын ала көрө билүү, гносеология, өбөлгөлүк билим, зарылдык, кокустук, тарыхыйлык.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп жалпы тааным теориясынын өзгөчө пайдубалын түзгөн эпистемология (илимий таанып билүү) түшүнүгү эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп илимий таанып билүү теориясынын негиздери болгон диалектикалык-логикалык категорияларынын республикабыздагы изилдениш абалын жана илимдеги ордун көрсөтүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты** болуп Кыргызстандагы тарыхый жана социомаданий өзгөчөлүктөр менен шартталган эпистемологиялык проблемалардын изилденишине тарыхый-логикалык анализ жүргүзүп, бир системага келтирүү эсептелет.

**Изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздерин** республикабыздын жана чет элдик белгилүү философторунун эмгектери, илимий парадигмалары, концепциялары, идеялары, илимий гипотезалары, көз-караштары жана жоболору түздү. Изилдөөнүн жүрүшүндө илимий таанып билүүнүн негиздери болгон объективдүүлүк, тарыхыйлык, жалпы байланыштык өнүгүү, системалуулук, себептүүлүк ж. б. жоболорду колдонуу менен анализ жана синтез, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү өңдүү принциптери пайдаланылды.

**Алынган натыйжалары жана илимий жаңылыгы.** Кыргызстанда эпистемология түшүнүгүнүн калыптануусунун, теориялык-методологиялык өзгөчөлүктөрүнүн жана республикабыздагы жалпы философия илиминин өнүгүш тарыхынан өз ордун тапкан окумуштуулардын эмгектери тарыхый-философиялык рефлекциянын деңгээлинде илимий-концептуалдык жактан изилденгени менен түшүндүрүлөт. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы катары: эпистемология түшүнүгүнүн тарыхы, теориялык-методологиялык маселелери жана аң-сезим, түшүнүү, алдын ала көрө билүү, диалектикалык категориялардын иликтениш өзгөчөлүктөрү көрсөтүлүп илимий негиздери такталгандыгын белгилөөгө болот.

**Колдонуу чөйрөсү**. Изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары тарыхый-философиялык дисциплина боюнча окуу программаларын, окуу куралдарын, методикалык колдонмолорду иштеп чыгууда жана мындан сырткары иштин теориялык, илимий жыйынтыктарын философия тарыхы боюнча лекцияларды, атайын курстарды, семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланса болот.

## РЕЗЮМЕ


**диссертации Байсубанова Учкуна Карыбековича на тему: «Изучение эпистемологических проблем в Кыргызстане: историко-логический анализ», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.03 – история философии**

**Ключевые слова:** эпистемология, категория, сознание, понимание, предвидение, гносеология, предпосылочное знание, необходимость и случайность, историческое.

**Объектом исследования** является понятие эпистемологии являющейся основой всеобщего познания.

**Предметом** исследования является состояние изучения в республике диалектико-логических категорий, как основ теории научного познания, их места в науке и социальной практике.

**Целью исследования** является проведение историко-логического анализа эпистемологических проблем, разрабатываемых в Кыргызстане.

**Теоретические и методологические основы работы** составили научные труды, научные парадигмы, идеи, научные гипотезы, взгляды и положения известных отечественных и зарубежных философов. В процессе исследования вместе с положениями объективности, историзма, общего взаимосвязанного развития, системности и причинности, являющимися основами научного познания, были использованы принципы анализа и синтеза, перехода от абстракции к конкретности.

**Полученные результаты и новизна.** Систематизировано наше понимание о сущности понятия эпистемологии, определены некоторые теоретико-методологические вопросы изучения эпистемологических проблем; выявлены понятийно- категориальный аппарат как основы научного познания и степень разработанности их отечественными философами, рассмотрены роль и место отдельных диалектических категорий в теории научного познания и социальной практике.

Теоретическая и практическая значимость исследования выражается в углублении и расширении историко- философских знаний о фундаментальных основах и методах эпистемологии, исследованных в научных трудах известных отечественных философов.

**Область применения.** Результаты, полученные в исследовании и обобщенные в историко- философскую концепцию, могут рассматриваться при разработке учебных программ по философии для студентов, магистрантов и аспирантов вузов Кыргызстана.

Основные положения и выводы исследования могут быть использованы в учебно-образовательном процессе при чтении лекций по истории философии и разделах психологии, истории и другим гуманитарным дисциплинам.


## Summary

**Theses of Baysubanov Uchkun Karybekovich on the theme: «Problems of the study of epistemology in Kyrgyzstan: historical and logical analysis» submitted for the degree of Candidate of Philosophy in specialty 09.00.03 - History of Philosophy**

**Key words:** epistemology, category, consciousness, understanding, foresight, pre-requisite prediction, necessary and accidental, historical.

**The object** of the study is the notion of epistemology that is general cognitions.

**The subject** of the study is the state of study dialectics and logic categories as the main theory of scientific cognition and its place in science and social practice.

**The purpose** of the study is holding historical and logic analysis of epistemological problem worked out in Kyrgyzstan.

**Theoretical and** methodological foundations of the work were scientific works, scientific paradigms, scientific hypothesis, views and positions of famous domestic and foreign philosophers. In the process of research, the historically, formally – scientific, systemic and analytical methods of scientific knowledge were used.

**The obtained results and** the novelty. Our vision of the notion of epistemology was defined on theoretical and methodological questions of epistemological problems; idea categorized an understanding, the role and place was found out as the main scientific cognition and social practice.

The theoretical and practical importance of the research is expressed in the deepening and expanding historical and philosophical knowledge of fundamental basis and methods of epistemology, studied in scientific works of local and foreign philosophers.

**Application area**. The results, obtained from the research and general historical and philosophical conception may be described in working out curriculum on philosophy for students, master's degree students, post graduate students of the universities of Kyrgyzstan.

The main provisions and conclusions of the research can be used in the educational process when delivering lectures on the history of philosophy and sections of psychology, history and other humanitarian disciplines.